*Рыспаева Г.С.*

# УКУКТУ СОТ АРАЧЫЛАРЫНЫН КАТЫШУУСУ МЕНЕН СОТКО АШЫРУУ

*Рыспаева Г.С.*

# РЕАЛИЗАЦИЯ ПРАВА В СУДЕ С УЧАСТИЕМ ПРИСЯЖНЫХ ЗАСЕДАТЕЛЕЙ

*G.S. Ryspaeva*

# THE REALIZATION OF THE RIGHT TO TRIAL BY JURY ASSESSORS

*УДК: 343.1 (575.2) (043.3)*

*Берилген илимий макалада автор, укукту, сот арачыларынын катышуусу менен сотко ашырууну карайт. Автордун ою боюнча, укукту, сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүүгө ашыруу, кесипкөй юристтердин айыптоолору жана тергөө жана соттук катачылыктар менен шартталган, адамдардын жана жарандардын атынан мыйзамсыз жана негизсиз кылмыш-жазыктык куугунтуктоолорунан, кадимки жөнөкөй соттук териштирүүгө караганда жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо, соттук териштирүүнү кыйла ишенимдүү камсыздай алат.*

***Негизги сөздөр:*** *ашыруу укугу, мыйзам, сот, юрист, сот акыйкаттыгы, сот арачылар институту, ондуруш, кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, сот системасы, акыйкат, жарандар укугу, тергоо, адилеттүүлүк.*

*В представленной научной статье автор рассматривает реализацию права на суд с участием присяжных заседателей. По мнению автора, реализация права на судсучастием присяжных заседателей обеспечивает более надежную, чем в обычном суде, защиту прав и свобод человека и гражданина от незаконного и необоснованного уголовного преследования, следственных и судебных ошибок, обусловленных обвинительным уклоном профессиональных юристов.*

***Ключевые слова:*** *реализация права, закон, суд, юрист, правосудие, суд присяжных, уголовно-процессуальный кодекс, судебная система, уголовное судопроизводство, справедливость, право граждан, следствие, справедливость.*

*In the presented scientific article, the author considers the implementation of the right to court with a jury. According to the author, the realization of the right to court with a jury ensures more reliable than in a court of law, protection of rights and freedoms of individuals from unlawful and unjustified criminal prosecution, investigative and judicial errors caused accusatory bias of professional lawyers.*

***Key words:*** *implementation of law, law, court, lawyer, justice, jury, criminal procedure code, the judicial system, criminal justice, fairness, the right of citizens, investigation and justice.*

Укукту, сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүүгө ашыруу, кесипкөй юристтердин айыптоолору жана тергөө жана соттук катачылыктар менен шартталган, адамдардын жана жарандардын атынан мыйзамсыз жана негизсиз кылмыш-жазыктык куугунтуктоолорунан, кадимки жөнөкөй соттук териштирүүгө караганда жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо, соттук териштирүүнү кыйла ишенимдүү камсыздай алат.

Соттук ишмердүүлүк процессинде сот укуктун материалдык ченемдерин кабыл алат, ошондуктан, ал бул принципке ылайык укук жөнүндөгү талаш-тартыштарды чечүү үчүн ишти туура квалификациялоо керек. Мындай принциптин маанилүүлүгү сот өндүрүшүндөгү белгиленген формалардан четтеп кетүүгө жол бербестен, сот акыйкатын мыйзамга гана ылайык так ишке ашыруу менен бирге эле, сот жарандардын укуктарын, мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоодо иш боюнча өзүнүн алдына койгон максатына жетүү үчүн чындыкка жетүүгө аракет кылуу аркылуу негиздүү жана мыйзамдуу өкүмдү, чечимди чыгаруусу менен шартталышында. Сод колдонулуп жаткан мыйзамды өзү гана кыйшаюусуз сактабастан, сот өнүдүрүшүндөгү катышуучулар, ошондой эле, башка мамлекеттик органдар, кызмат өкүлдөрү жана жарандар тарабынан да мыйзамдын бузулушун да жоюусу керек.

Жалпысынан алганда, акыркы бир нече жылдын ичиндеги сот системаларын реформалоо - Кыргызстандагы укуктук реформаларынын алкагында ишке ашышы, «акыйкаттуулук» түшүнүгүнө карата жогорку соттук инстанцияларга жетиштүү түрдө туруктуу тажрыйбасынын иштелип чыгышы, бул түшүнүктүн укутук колдонулуу ишмердүүлүгүндөгү өсүүсү жөнүндө күбөлөндүрөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сот тарабынан «адилеттүүлүк» түшүнүгүнүн пайдаланылышы, төмөнкү инстанциялардагы соттор үчүн соттук токтомдорду чыгарууда позитивдүү мисал болуп саналат, жогорку инстанциялардын тажрыйбаларына багыт алуу менен бардыгы көпчүлүк учурда соттук чечимдерди жана аныктамаларды кабыл алууда адилеттүүлүк принцибин пайдаланышат.

Соттук териштирүү баскычында айыпталуучуга жана анын коргоочусуна көбүрөөк укукту ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берилет. Мунун баары иш боюнча адилеттүүлүктү орнотуу менен акыйкат өкүм чыгарууга мүмкүндүк берет. Ошондой болсо да жогору турган сотторго, соттун өкүмүн жана чечимин өзгөртө же жокко чыгара алат. Сот акыйкатын ишке ашыруу принциби соттук түзүлүштүн ченемдери

жана процессуалдык укуктар аркылуу сот аркылуу гана камсыздалат. Сот акыйкатынын ишке ашышына тоскоолдук кылу олуттуу укук бузу болуп саналат.

Логикалык көз-караш менен айыптоого багытталган, башкача айтканда, алдын ала пайда болгон ой-пикирлердин – ишеним, көз караш, ага байланыштуу жетишсиз түрдөгү адамды айыптоо жөнүндөгү чечими өзүнө болгон эскертүүсүн көрсөтөт. Формулировкаланган эскертүү маалыматтарга карата тандоо ыкмасы менен шартталат: аны менен макул болбогон көз-карашын, тоотпогон чечимин далилдөө үчүн, адам максаттуу түрдө анын ой-пикиринин тууралыгын ырастай турган бир гана маалыматты издейт".[3]

Субъектинин белгилүү иш-аракеттерди же белгилүү багыттарга таасирленген, мисалы, белгилүү кейипте, баа берүүнү, түшүнүүнү, кабыл алуу объектисин талкуулоого, ой жүгүртүү менен баалоого карата өзүнүн даярдыгын көрсөтүүнүн ар түрдүү багыты эскертүү болуп саналат

Белгилүү орус психологу Я.Л. Коломинский орнотуу «таптакыр белгисиз каада-салт, көндүмүш, курчап турган чөйрөсүнүн ой-пикирлерине кошулуу формасы түрүндө иш алып барат. Кээде мындай орнотуулар эскертүү, жок нерсеге ишенүү, жанылыш алынган ой-пикир катары таасир берет. «Алдында, мурун» деген сөздөрдүн бардык учурда белгилүү тенденцияларды же башкача түрдө объекти менен жолугушканча чейинки дүйнөнү курчап турган кубулушту кабыл алуусун билдирерин» оной эле байкоого болот".[4]

Тийиштүү денгээлде туура даярдалган соттук корпустун абалын оной олтон эле «жок десе болот», анткени, өлкөдө сот өндүрүшүн, анын ичинде сот арачыларынын катышуусу менен уюштуруу боюнча аткарылган ар кандай иш аракеттер жок.

Даярдалган профессионалдык деңгээлдеги соттук корпуска ээ болуу зарылдыгынын азырынча жашыруун болгон, бирок аны жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн жеткиликтүү түрдө аныктоо максатында соттук корпустун абалын изилдөө аракеттери кабыл алынган.

Кесипкөй юристтердин айыптоо катасын, анын ичинде тергөөчүлөр, прокурорлор жана соттор адамга карата күнөөсүздүк жоромолу принциптеринин талаптарын бузуу менен (шектелүүчү адамга, жоопкерге жана соттолуучунун) кимисинин кылмыш жасагандыгы боюнча күнөөлүү экендиги, мыйзам тарабынан белгиленген тартипке ылайык далилденүүгө, белгилүү бир кылмыш жасаган адамга, анын күнөөсү аныкталбайынча бир жактуу жана шектелүүчүнүн, айыпкердин, соттолуучунун инсандыгы жөнүндө бейкалыс эч кандай күмөн жаратылбайт, ошондой эле, далилдерди изилдеген жагдайлар менен четтеткен кылмыштуулук, кылмыш-жаза жоопкерчилигин болтурбоочу жагдайлар кылмыш ишин ачууга, кылмыш-жазык иши боюнча жоопкерчилигине тартууда сотто жазаны жумшартуучу жагдайлар боюнча токтотуу жана баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

Кээ бир учурларда тигил же бул деңгээлде алдын-ала алынган жанылыш пикирлерге, кандайдыр бир ченемде чогултулган далилдердин жыйындысы менен көрсөтмөлөрдө жаткан фактыларга ылайык соттун соттолуучуга карата бир тараптуу баа берүүсүнө алып келет. Соттун мындай жаңылыш түрдө алдын-ала алынган далилдерге, фактыларга карат бир тараптуу баасы, иштин жагдайларынын фактылык изилдөөсүнө гана эмес, бөгөт коюу чарасын да, кылмыш-укуктук чеберчилигине да катачылык кетириши мүмкүн.

Соттун тергөөчүгө карата болгон ашыкча ишеним көрсөтүшү, тергөөчү тарабынаналдын ала жүргүзүлгөн тергөө ишинин материалдарына карата бардыгы такталып-тастыкталган деген бекем көз караштагы оюна ишенип, тергөөчүнүн ишине сын көз караш менен карабастан бир беткей ишти карашы сот иши боюна калыс эмес каралган ишинин катачылыгына алып келет.[5]

Колдонулуп жаткан РСФСРдин КЖКсына ылайык кесипкөй юристтердин бир беткей күнөөлөө менен жүргүзгөн иштери сейрек түрдө тергөө жана сот иштериндеги трагедиялык катачылыктарга алып келген. Ири коомдук резонансты жараткан каргашалуу “витебск иши” боюнча, Белоруссиянын укук коргоо органдары 14 жыл боюу 33 аялды өлтүргөн өлтүргүчтү кармай алышпаган кайгылуу окуя ар бир адамды кайдыгер калтырган эмес. Ошондуктан бул иш боюнча эч кандай күнөөсү жок адамдар өлүм жазасына тартылса, айрымдары көп жылга эркинен ажыратылган, ал эми, ал учурда чыныгы өлтүргүч кылмышкер – Михасевич эркиндикте калып, баш кесерлик ишин уланта берген.[6]

Тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун жана соттордун күнөөлөлөө менен жүргүзгөн бир беткей иштери көптөгөн көптөгөн трагедиялык катачылыктарга себепкер болушат, бул боюнча абдан кенири белгилүү болгон Чикатилонун ишин айтса болот. Эскерте кетсек: анын биринчи жолу жасаган киши өлтүргөн кылмыш иши боюнча кылмыш-жазык жоопкерчилигине бул кылмыш ишине тиешеси жок, күнөөсүз адам Кравченко киши өлтүрүү кылмыш жазасы менен соттолуп эле тим болбостон, ал чыгарылган өкүм боюнча өлүм жазасына тартылып атылып өлтүрүлөт; органдын ыкчам кызматкерлери менен тергөөчүлөрү Кравченко “айыптап жатканын” пайдаланып,

[3] См.: Семечкин Н.И. Психология социального влияния. - СПб.: Речь, 2004. - С. 157.

[4] См.: Коломинский Я. Беседы о тайнах психики. Минск: Юнацтва, 1990. - С. 95.

[5] См.: Шиханцов Г.Г. Юридическая психология. Учебник. М.: Зерцало, 1998. - С. 277-278.

[6] См.: Китаев Н.Н. Неправосудные приговоры к смертной казни. Системный анализ допущенных ошибок. Иркутск: изд-во ИГЭА, 2001. - С. 17.

Чикатило элүүдөн ашык адамдарды өлтүрүп кылмыш ишин жасаган.

Бул тергөө органдарынын, тергөөчү жана прокурордун ишинин негизги багыттары айыпталуучуга карата куугунтуктоосун ишке ашырбашы үчүн, айыпталуучу тараптагы тен тайлашуучу колдонулуп жаткан кылмыш-жазык сот өндүрүшү боюнча мамлекеттик жана жеке-ачык айыптоочу менен мамлекеттин атынан прокуратуранын ишке ашырылышы үстөмдүк кылары менен түшүндүрүлөт.

Белгилүү болгондой, кылмыш-жазык куугунтуктоо – шектелүүчүнүн, айыпталуучунун кылмыш ишинин бетин ачуу максатында мамлекеттик айыптоочу тарабынан ишке ашырылуучу процессуалдык ишкердик. Ошондуктан, бул багыт алгачкы тергөө, тергөөчү жана прокурордук органдар үчүн КРсынын КЖПКнын 91-беренсеинин 6-бөлүгүнүн мазмуну менен күбөлөндүрөт: "Айыпкердин, соттолуучунун күнөөсүн далилдөө милдети айыптоочуга жүктөлөт».

Шектелген адамдга же айыпкерге коюлган айыптоолорду далилдөөлөрдү жана төгүндөөлөрдү жазык жоопкерчилигине тартууга чейинки иш-чараларды ишке ашыруу менен байланыштуу текшерүүнү иликтөө, тергөөчү жана прокуратура органдарынын ишине үстөмдүк кылуучу негизги багыттар болгондуктан, ал сөзсүз түрдө тигил же бул баскычта күнөөлөө менен шартка жараша ар түрдүү «сокур» айыптоолорду коюу аркылуу айыпкерге жана анын жоопкерчилигин жумшартууда актаган жагдайларды жаратат.

Адамдын жүрүм-турумун психофизиологиялык көз караш менен караганда, академик А.А. Ухтомский белгилегендей: « адамдар реалдуу түрдө эмне басымдуулук кылса, башкача айтканда, аны басымдуулук кылуучу ишмердүүлүктөрүн ошону көрөт… Бизге тигил же бул нерселердин үстөмдүгү тарабынан даярдалган,башкача айтканда, биздин жүрүм-турумузду гана көрө алабыз...Адам баласы дүйнөгө жана адамдарга,өзүлөрүнүн ишмердүүлүктөрү менен өзүлөрүнүн үстөмдүк кылган табигый ойлору аркылуу мамиле кылат… Биздин үстөмдүк кылган көз караштарыбыз, жүрүм-турумдарыбыз биз менен дүйнөнүн, биздин ой жүгүртүүлөрүбүз менен чындыктын аралыгында турат… Учурдун сулуу же коркунучтуу чындыгынын ортосундагы бүтүндөй түгөнгүс талаа болот, эгерде,биздин үстөмдүгүбүз аларга багытталбаган болсо же башка тарапкажи берилген болсо аландай деп эсептелинбейт…".

Ошондой эле, далилдер жана иштин жагдайларынын ар тараптуу изилдөөлөрү боюнча айыптоочу позиция менен соттук териштирүү процессинин жүрүшүндөгү изилденген далидөөлөр аркылуу соттордун коргоосу жана тараптардын талашып-тартышуулары тергелип жаткан иштин изилденген далилдери менен жагдайлары боюнча дин окулярдык, стереоскоптук көз караштарды бекемдейт. Бул боюнча белгилүү москвалык адвокат В.Л. Россельс мындай деп: «Сот прокурордун жана коргоочунун жардамы менен иштин жагдайын мейкиндиктин тереңинде илинип турган жалпак сүрөтү өндүү, анын көрүнүп турган стереоскоп аркылуу эки көзү менен карап тур гана дамсымал, алардын ар бирин өз «кызматтары» менен көрүү менен аныктоо, ал эми, жапа чеккендерге жардам берүү"[7] - абдан жакшы белгилеген. Бул сотко процесстеги далилдөө учурундагы объективдүүлүктү сактоого, айыптоого жана актоого багытталган терс нерселерден оолак болууга, калыстыкты камсыз кылууга жардам берет.

Ошондой болсода, колдонулуп жаткан КРнын КЖПКсынын шартына ылайык кесипкөй соттор тарабынан күнөөлөө көрүнүшү алыган эмес. Буга карабастан жаңы кылмыш-жазык процессуалдык мыйзамы төрагалык кылуучу соттун өзүнө туура келбеген айыптоочу иш-аракеттен толук түрдө бошоткон, бул аны күнөөлөө боюнча көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

Соттордогу айып коюуларды түзүүдө жана бекемдөөдө бир катар социалдык-психологиялык себептерге өбөлгө түзөт, биринчиден, соттун жеке тажрыйбалары менен анын кесиптештеринин тажрыйбалары адамдардын басымдуу бөлүгүнүн көпчүлүк учурларда тергөөдө кылмыш иши боюнча айыптоолору чынында эле кылмышкерлердин, соттордун ан сезиминде шарттуу – рефлектордук эки кубулуштун: соттолуучунун – укук бузуучунун көрүнүшүнүн пайда болушуна алып келет.[8] Мунун менен көпчүлүк соттор кимдин күнөөсү экенин далиденгенге чейин соттолуучуну калыс-нейтралдуу балабастан, аны «душман» же «кылмышкерге» жакын деп баалоо менен түшүндүршөт. Соттордун мындай соттолуучуга карата мамилеси терс көз караштаайыптоого түрткү болот.

331-16-статья. Сот арачыларынын катышуусу менен сотто соттук териштирүүнүн өзгөчөлүктөрү [1] сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүү ушул статьянын талаптарын эске алуу менен ушул Кодекстин 286-304, 307-статьяларында белгиленген тартипте жүргүзүлөт [2]. Төрагалык кылуучу соттолуучуга, жапа чегүүчүгө жана соттук териштирүүнүн башка катышуучуларына суроо берүүгө, ошондой эле изилденген далилдерге карата өз пикирин билдирүүгө укуксуз. Иш боюнча бардык далилдер соттук териштирүүнүн жүрүшүндө түздөн-түз жана оозеки изилденет. Тергө өөндүрүшүнүн стадиясында берилген процесстин катышуучуларынын көрсөтмөлөрүн жарыя кылууга ал адам өлгөн, катуу ооруп калган же ал Кыргыз Республикасынан сырткарычыгып кеткен же болбосо сотто көрсөтмө берүү мүмкүнчүлүгү болбой калган башка жагдайларда жол берилет. Соттук тергөөнүн жүрүшүндө эксперттин корутундусуталашка түшкөн учурда

[7] Цитировано по кн.: Адвокатская деятельность: Учебно-практическое пособие/Под.общей ред. В.Н. Буробина. - Изд. 2-е., перераб и доп. М.: ИКФ "ЭКМОС", 2003. - С. 23.

[8] См.: Панасюк А.Ю. Презумпция виновности в системе профессиональных установок судей / /Государство и право. 1994, N3. - С. 70-79.

экспертти суракка алуу милдеттүү тартипте жүргүзүлөт [3]. Соттолуучуну, жапа чегүүчүнү жана соттук териштирүүнүн башка катышуучуларын суракка алууну айыпкоюучу жана коргоочу тараптар жүргүзөт. Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө сот арачыларынын катышуусу менен далилдениши сот арачыларынын ушул Кодекстин 331-15-статьясында каралган ыйгарым укуктарына ылайык белгилене турган жазык ишинин иш жүзүндөгү жагдайлары гана изилденет [4]. Мамлекеттик айыптоочу айып коюу корутундусунун чечимдик бөлүгүн жарыя кылууда соттолуучунун соттолгондугунун фактылары жөнүндө эске салууга укуксуз.[9]

КРнын КЖПКсынын 331-16-бере. 4-б. күчү боюнча айыптоо өкүмүнүн негизги бөлүгүн жарыялагандан кийин, төрагалык кылып жаткан сот ар бир айыпталуучудан айыптоолор түшүнүктүүбү же жокпу деп суроо менен ар бир соттолуучуга зарыл болгон учурда күнөөлөөнүн маани-маңызын түшүндүрөт жана өзүн күнөөсүн мойнуна аласынбы деп сурайт. Ошентип, соттолуучу сотто күнөөсүн мойнуна алган учурда сот арачылары менен бирдикте эч нерсени иликтебестен туруп, айыптоо өкүмүн чыгарат. Мында көрүнүп тургандай бул берененин маани-мазмуну боюнча сунуштарды, бул боюнча айыпкер каралып жаткан иштин «далил канышасы катары» өзүн күнөөлүү деп таануу жөнүндө теориясын жокко чыгарууну жандандырат, башкача айтканда, айыпталуучу өзүнүн күнөөсүн мойнуна алуусу айыптоо өкүмүн чыгаруучун талашсыз түрдө жетиштүү болот.[10]

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, биз төмөнкүдөй корутундуларды чыгарсак болот.

Биринчиден, эгерде сот арачылары сотто абдан маанилүү калыстар катары болуп эсетелет деп бүтүм чыгаруудан алыс болушубуз керек, биз мындай кылмыш менен кылмыш үчүн айыпталып жаткан ачык же айыпталган категориясына тиешелүү эмес, ошондой эле, бардык башка учурларда, акыйкаттык, адилеттүүлүктү кыла албайт деген ой божомолун чыгарбоо зарыл болгон олуттуу жагдайлардан болуп саналат. Бул чындыкты жана адилеттүүлүктү жеке адамдардын укуктарын коргоо үчүн, сот арачыларынын бир беткей түрдө аларды иштеги бардык далилдердин жыйындысы катары кароо менен мыйзамды ушундай жол менен чечүү үчүн мүмкүнчүлүк бербейт. Демек, карамагындагы сот арачыларын сот адилеттигиндеги калыс болгон сөзсүз чектөө аркылуу иштин туура кепилдиги катары кароого негиз жок эмес, сот акыйкатын бир гана сот адилеттиги чечиш керек.

Экинчиден, сот арачыларынын калыстар тобу катары каралышы терс өрүнүштү камтыйт. Жыйынтыгында ал эл өкүлдөрүнүн эч кандай катышуусу менен сот альтернатива катары, «соттордун таажысы» болгон ошол гана соттук курамы болуп саналат, иш боюнча айыпталып жаткан жарандын тагдырын кесипкөй соттор тарабынан гана каралгандыктан, алар үчүн эч кандай тандоо жок, ошондуктан, сот адилеттигин ишке ашырууга катышуу үчүн жарандардын укугун камсыз кыла албайт.

Ошондуктан азыркы учурда, айыпталуучу сот арачылары менен кесипкөй соттордун комиссиянын ортосунда гана тандалышы мүмкүн.

**Адабияттар:**

1. Конституция Кыргызской Республики - Бишкек: Академия, 2010.
2. Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики. - Бишкек: Академия, 2016. - С. 272.
3. О присяжных заседателях в судах Кыргызской Республики: Закон КР от 15 июля 2009 года №215.
4. Семечкин Н.И. Псих-я социального влияния. - СПб.: Речь, 2004. - С. 157.
5. Коломинский Я. Беседы о тайнах психики. - Минск: Юнацтва, 1990. - С. 95.
6. Шиханцов Г.Г. Юридическая психология. Учебник. - М.: Зерцало, 1998. - С.277.
7. Китаев Н.Н. Неправосудные приговоры к смертной казни. Системный анализ допущенных ошибок. - Иркутск: изд-во ИГЭА, 2001. - С. 17.
8. Адвокатская деятельность: Учебно-практическое пособие / Под общей ред. В.Н. Буробина. - Изд. 2-е., перераб и доп. М.: ИКФ "ЭКМОС", 2003. - С. 23.
9. Панасюк А.Ю. Презумпция виновности в системе профессиональных установок судей // Государство и право. - 1994. - N3. - С. 70-79.
10. Панасюк А.Ю. Обвинительный уклон в зеркале психологического исследования // Психологический журнал. - Т. 13. - N3, 1992. - С. 59-61.
11. Нор.материалы о судьях и суде присяжных. М.: Юрид. лит-ра, 1994. - С. 24.
12. Мельниковский М.С Особенности осуществления защиты подсудимых в суде присяжных - приемы и методы. - М., 1998. - С. 46.

[9] **Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик Кодекси. - 2014-ж. - 118-бет.**

[10] См.: Мельниковский М.С Особенности осуществления защиты подсудимых в суде присяжных - приемы и методы. М., 1998. - С. 46.

**Рецензент: д.ю.н., и.о. профессор Ганиева Т.И.**